## Дүйнөлүк азык-түлүк рыногу

2013-жылдын июнь айында ФАО азык-түлүк бааларынын индексинин орточо мааниси 211,3 пунктту түзгөн, бул өтүп жаткан жылдын май айы үчүн кайра каралган көрсөткүчтөн дээрлик 2 пунктка төмөн. Өткөн айда орун алган төмөндөө, негизинен, кантка жана айрыкча, сүт азыктарына болгон баалардын түшүшү менен түшүндүрүлөт, мында дан эгиндерине жана майга карата баалар бир аз түшкөн. Акыркы баяндамалар этке болгон дүйнөлүк баалардын, тескерисинче, июнда 2 пайызга өскөндүгүн билдирет.

**1-сүрөт.** Негизги азык-түлүк товарларына баа динамикасы
*(тоннасына АКШ долларында)*




## Дан эгиндери

Өтүп жаткан жылдын июнь-июль айларында дүйнөлүк биржалардын мөөнөттүү рынокторунда негизги дан эгиндерине: буудай, жүгөрү жана арпага болгон баалардын төмөндөшү улана берген. Мындай түшүү, барынан мурда, сезондук себептер жана өткөн жылдагыга караганда Түндүк жарым шарында күздүк дан эгиндеринин кыйла мол түшүмүн күтүүлөр менен байланышкан. Алгылыктуу болжолдоолор боюнча, дан эгиндеринин түшүмү, алардын өндүрүлүшү, керектелиши, соода жана запастар боюнча жаңы сезондун башталышына карата баалар, алардын өткөн маркетинг жылынын башындагы бааларынан төмөн болоорун билдирет.

Дан боюнча Эл аралык кеңештин (IGC) июлдун башында жаңыдан каралган болжолдоосуна ылайык, 2013-14- маркетинг жылдарында дүйнөдө дан өндүрүү 1,9 млрд. тоннага жакынды түзөт, бул 2012-2013-жылдарга салыштырганда, 135 млн. тоннага көп. Ал эми керектөө өзгөрбөстөн, 1,9 млрд. тонна бойдон калган. Жалпы акыркы запастардын көлөмү 368 млн. тоннага чейин көбөйүүсү болжолдонгон.

2012-2013-маркетинг жылында дүйнөлүк өндүрүшкө, керектөөгө жана дан эгиндеринин запастарына, буудай жана күрүчкө ФАО баа берүүсү, ошондой эле 2013-2014-маркетинг жылдарына карата болжолдоолор төмөн берилген. ФАО эксперттери дан эгиндери жана буудайдын запастарынан башка, бардык болжолдоолорду көбөйүү жагына кайра карап чыгышкан. Бирок, бүтүндөй алганда, жаңы маркетинг жылына карата болжолдоолор алгылыктуу бойдон калууда.

| Дан өсүмдүктөрү | | Баа берүү (млн. тонна) | Болжолдоолор (млн. тонна) | |
|---|---|---|---|---|
| | | | мурдагы | өтүп жаткан |
| | | 2012/13-ж.ж. | 2013/14-ж.ж. | 2013/14-ж.ж. |
| **Дан эгиндери** | Өндүрүш | 2 312,2 | 2 460,5 | 2 478,6 |
| | Керектөө | 2 335,8 | 2 402,0 | 2 414,9 |
| | Запастар | 09,2 | 56 ,8 | 567,5 |
| **Буудай** | Өндүрүш | 65 ,3 | 702,0 | 704,1 |
| | Керектөө | 685,2 | 693,8 | 694,7 |
| | Запастар | 161,5 | 173,1 | 169,5 |
| **Жемдик дан өсүмдүктөрү** | Өндүрүш | 1 162 4 | 1 259,3 | 1 274,8 |
| | Керектөө | 1 172,4 | 1 216,9 | 1 228,8 |
| | Запастар | 173,8 | 213,7 | 215, |
| **Күрүч** | Өндүрүш | 490,5 | 499,1 | 499,7 |
| | Керектөө | 478,2 | 4 1,3 | 491,5 |
| | Запастар | 173,9 | 182,0 | 182,4 |

*Булагы: www.fao.org*

*Буудайга жана жүгөрүгө карат дүйнөлүк баалар динамикасы тиркемеде 1-жана 2-графиктерде келтирилген.*

***Россия***

Россияда жазгы себүү[1] иштери аягына чыккан: 21-июнга карата абал боюнча 49,1 млн. га аянтына себүү иштери жүргүзүлүп же болжолдоолорго карата 96,4 пайызга, 515,6 миң га көп аткарылган.

**Таблица.** Россиядагы жазгы айдоо

| Өсүмдүктөр | Айдоо аянты (млн. га) | % болжолдоого карата | 2012-жылдагыдан четтөө (+/-, миң га) |
|---|---|---|---|
| Дан эгиндери жана дан буурчактар | 30,6 | 100,9 | 650,5 |
| Дан катары жүгөрү | 2,3 ашык | 106,8 | 400,1 |
| Күрүч | 0,2 | 95,6 | -17,2 |
| Жаздык буудай | 12,7 | 98,2 | -315,1 |
| Арпа | 0,08 | 104,2 | 0,02 |

Россия Айыл чарба министрлигинин болжолдоосу боюнча 2013-14-маркетинг жылында дан эгиндеринин түшүмү 95 млн. тоннага, ал эми буудайдын түшүмү 54 млн. тоннага жакынды түзөт. Өтүп жаткан жылдагы Россиянын түштүгүндөгү дан эгиндеринин жогорку түшүмдүүлүгүнө карабай, эксперттер жана практиктер Россия өлкөнүн айыл чарба министрлиги пландаштырган түшүмдү жыйнай албайт деп кооптонууда. Күндүн жылдык нормадан ашыкча ысышы, жаан-чачындын аздыгы эксперттердин кооптонуусунун себеби болуп саналат. Мындай аптап Россиянын бүтүндөй европалык бөлүгүндө орун алган. Россия аграрийлерин атмосфералык кургакчылык жана нымдуулуктун жетишпесигинен башка, чегирткенин көптүгү да тынчсыздандырат, буга Россиянын борбордук бөлүгү кириптер болгон. Ошол эле учурда, РФнын айыл чарба министринин пикири боюнча, учурга карата болжолдоону кайра карап чыгууга объективдүү өбөлгөлөр жок.

Россия дан эгиндеринин экспорту келерки сезондо 24 млн. тоннага чейин өсүшү мүмкүн деп АКШ айыл чарба министрлигинин (FAS USDA)

[1] Россия Федерациясынын Аппараттык-программалык комплекси субъекттеринин башкаруу органдарынын оперативдүү маалыматтарына ылайык.

алдындагы Чет өлкө айыл чарба кызматы болжолдойт. Буудай жана буудай унунун экспорту 17,0 млн. тоннага, арпа - 3,5 млн. тоннага, жүгөрү - 2,5 млн. тоннага жетиши мүмкүн.

***Казакстан***

Каралып жаткан мезгил ичинде буудайга, арпага жана унга болгон баалар, дүйнөлүк азык-түлүк рынокторундагы абалдын таасири менен төмөндөөнү уланта берген.

Казакстандын ички рыногуна карата мурдагы баяндамада өтүп жаткан жылы дан эгиндеринин түшүмү мол болушу белгиленген. Бирок, кийинчерээк өсүмдүктөр үчүн жаратылыш-климаттык шарттар күтүлгөндөн кыйла алгылыксыз болуп чыккан. Июнь айынын жаан-чачынсыз, ашыкча эле кургак келишинен улам, топуракта нымдуулуктун жоктугу себүү иштерине залалын тийгизген. Буга байланыштуу, түшүм боюнча алдын-ала ашыкча болжолдоолор берилген болуп чыгышы мүмкүн. Мындан тышкары, Казакстандын түндүк-батышы чегиртке капташына дуушар болууда.

Агрометеорологдордун болжолдоолорун жана себүү иштеринин күндөлүк абалын эске алганда, Казакстандагы дан бизнесинин көз карандысыз эксперттери жана практиктери, 2013-14-маркетинг жылында дан эгиндеринин түшүмү 10 млн. тоннага төмөн болоорун болжолдошууда (2012-жылы дан эгиндеринин таза салмагы 12,8 млн. тоннага жеткен). Казакстандын экономика жана бюджеттик пландоо министрилгинин болжолдоосуна карата түшүмдүн салмагы 15,0 млн. тоннага жетет.

Азыркы учурда Казакстан Республикасынын Айыл чарба министрлиги тарабынан дан эгиндеринин экспорттук потенциалына 7-7,5 млн. тонна деп баа берилүүдө (2012-13- маркетинг жылында экспорт 7,1 млн. тоннаны түзгөн). FAS USDA эксперттери 6,5 млн. тонна дан эгиндеринин экспортун болжолдойт. Бирок, болжолдоолор өтүп жаткан сезондун биринчи айында эле жаңы түшүмдүн көлөмү жана сапаты, ошондой эле экспорттук атаандаш өлкөлөрдүн дан запастарынын көлөмү боюнча абал белгилүү болоору менен өзгөрүп кетиши мүмкүн. Буга карабай, аналитиктердин пикири боюнча, эгерде Казакстанда дан эгиндеринин түшүмү күтүлгөндөн төмөн болсо, анда республика өткөн жылдан калган жетиштүү запастарга таянышы мүмкүн.

***Кыргызстан***

Экономика министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын “Коргоо чаралары жөнүндө” мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 27- июнундагы “Буудай унунун импортуна карата териштирүүлөрдүн башталышы жана бир жолку коргоо чараларын киргизүү жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагына буудай унун импортоого карата бир жолку коргоо чараларын киргизүүгө териштирүүлөр башталган. Ушул токтомго ылайык териштирүү жол-жоболору аяктаганга чейин, 2013-жылдын 22-июлунан тартып 4 айлык мөөнөткө убактылуу атайын коргоо алымдары (1 кг үчүн 3 сом) киргизилген. Териштирүүлөр башталышына Кыргыз Республикасынын экономика министрлигинин чечими негиз болгон. Ушул мекеменин официалдык сайтында жайгаштырылган маалымат боюнча, өлкөнүн аймагында 2010-жылдан 2012-жылдар аралыгындагы буудай унунун импортуна алдын-ала талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү териштирүүлөрдүн максаты боюнча төмөнкүлөрдү аныктады:

- 2010-жылга салыштырганда, 2011-жылы ун импортунун көлөмү 5,3 эседен ашыкка, 2012-жылы 4,4 эсеге көбөйгөн;
- 2010-жылдан 2012-жылдар аралыгындагы буудай унун жергиликтүү өндүрүүчүлөрүнүн негизги финансы-экономикалык көрсөткүчтөрү терс динамика менен мүнөздөлөт;
- Жергиликтүү ун чыгаруу ишканаларынын өндүрүштүк

кубаттуулугунун иш менен камсыз болушу каралып жаткан мезгил ичинде 42,3 пайыздан 29,1пайызга төмөндөгөн;

▪2010-жылы ун чыгаруу көлөмү 2009-жылга салыштырмалуу, 6,7 пайызга, ал эми 2011-жылы 2010-жылга салыштырганда - 8,2 пайызга төмөндөгөн;

▪ Кыргызстанда унду керектөөнүн жалпы көлөмүндө импорттун салыштырма салмагы (керектөө клмүн сактоо менен) 2010-жылы 5,0 пайыздан 2012-жылы 24,9 пайызга чейин көбөйгөн, ал эми 2013-жылдын 1-чейрегинде бул көрсөткүч 33,0 пайызды түзгөн.

2013-жылдын июлунда Айыл чарба министрлиги жергиликтүү фермерлерден буудайды сатып алуу кампаниясын ишке киргизген. Анын алкагында айылдык товар өндүрүүчүлөрдү колдоо үчүн, калктын начар жашаган катмарынан жана кедейчиликте жашаган жарандардан 50 миң тонна буудай сатып алынат. Айыл чарба министринин сөзү боюнча, 20 миң тонна буудай сатып алууну Мамлекеттик жана материалдык ресурстар фонду өз мойнуна алган, 5 миң тоннаны Агропродкорпорация, Кара-Балта спирт заводу – 25 миң тоннаны сатып алат. Дан рынок баасынан (кг. үчүн 11-12 сом) жогору баада, 1 кг. үчүн 13-15 сом менен сатып алынат.

**Таблица.** Луговая станциясындагы (Казакстан-Кыргызстан) буудайга карата баа динамикасы
*(тоннасына АКШ доллары)*

| **клейковина** | **05.03.2013** | **16.04.2013** | **18.05.2013** | **17.06.2013** | **29.06.2013** |
|---|---|---|---|---|---|
| 23-24 % | 339,0 | 293,0 | 283,0 | 277,0 | 271,0 |
| 27-30 % | 355,0 | 309,0 | 299,0 | 293,0 | 287,0 |

**Күн карама майы**

Oil World (Германия) аналитиктеринин акыркы отчетуна ылайык, 2013-14-маркетинг жылында дүйнөдөгү күн карама майынын дүң жыйымы өткөн айда айтылган 38,9 млн. тоннага каршы 38,7 млн. тоннага чейин бир аз кыскарат. Бирок, бул көрсөткүч бир жыл мурдагы натыйжадан (35,9 млн. тонна) кыйла артат. Төмөндөтүүчү корректировка бул продуктту дүйнөлүк негизги өндүрүүчүлөрүнө таасирин тийгизбегендигин белгилей кетүүгө болот. Айрыкча, Украинада 2013-14-жылы сезондо май алынуучу өсүмдүктөрдүн түшүмү 9,4 млн. тоннаны түзөт, бул өткөн жылга караганда 0,6 млн. тоннага көп. Россияда жаңы сезондо май өсүмдүгүн дүң жыйноо 8,6 млн. тонна деңгээлинде күтүлүүдө. Мында, бул өлкөлөрдө күн караманын түшүмү көбүнчө азыркы учурда салыштырмалуу кургак болуп жаткан аба-ырайынан көз каранды болот.

*Күн карама майына карата дүйнөлүк баалар динамикасы тиркеменин 3-графигинде келтирилген.*

**Кант**

Дүйнөнүн Борбордук-түштүк аймагында түшүм жыйноонун арымын басаңдатуучу жаан-чачындын көп болушуна карабай, каралып жаткан мезгил ичинде канттын дүйнөлүк рыноктогу баалары төмөндөөнү уланткан. Азыркы учурда Бразилияда кантты өндүрүү эң жогорку деңгээлге жеткен, бул баа трендинин төмөн түшүүсүнө өбөлгө түзөт.

Агрардык рынок конъюнктурасынын институтунун эксперттеринин баа берүүсү боюнча, 2013-14- маркетинг жылында Россияда кант кызылчасын өндүрүү өткөн сезонго салыштырганда, 19 пайызга, 3,9 млн. тоннага чейин (2012-жылы – 4,8 млн. тонна) төмөндөшү мүмкүн. Бул баа берүүлөр РФнын Айыл чарба министрлигинин 18-июнга карата кант кызылчасынын себүү аянттары боюнча маалыматтарына жана Союзроссахардын 1-июлга карата

кант кызылчасынын түшүмдүүлүгүнүн өсүшү жөнүндө маалыматтарына негизделген, ага ылайык, кызылча аянттары бул жылы 20,4 пайызга төмөндөгөн.

*Кантка жана иштетиле элек кантка карата дүйнөлүк баалар динамикасы тиркеменин 4-графигинде берилген.*

**1 -таблица** Азык-түлүк рыногу (2013/14-жылы өндүрүшкө, керектөөгө, өтмө запастарга баа берүүнүн бир айлык динамикасы жана азык-түлүк товарларына баа)

| | *Өндүрүшкө баа берүү, млн. тонн* | *1 ай ичиндеги өзгөрүүсү, %* | *Керектөөгө баа берүү, млн. тонн* | *1 ай ичиндеги өзгөрүүсү %* | *Запастарга баа берүү, млн. тонн* | *1 ай ичиндеги өзгөрүүсү %* | *Фьючерс, тоннасы на АКШ доллары* | *1 ай ичиндеги өзгөрүүсү в %* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Дан эгиндери (дүйнөлүк)** | 1 919,0 | 0,2 | 1 883,0 | 0,0 | 368,0 | 0,3 | 274,0 | -9,2 |
| **Буудай** | 697,8 | 0,4 | 699,9 | 0,8 | 172,4 | -4,9 | 267,3 | -4,8 |
| ***Кыргызстан*** | 0,7 | 0,0 | 1,3 | 0,0 | - | - | 287,0 | -2,0 |
| ***АКШ*** | 57,5 | 1,6 | 35,7 | -0,8 | 15,7 | -12,6 | 244,1 | -5,2 |
| ***Австралия*** | 25,5 | 4,1 | - | - | - | - | - | - |
| ***ЕС-27*** | 138,6 | 0,8 | 122,0 | -0,6 | 11,7 | 2,0 | 237,7 | -14,3 |
| ***Россия*** | 54,0 | 0,0 | 36,5 | 0,0 | 6,3 | -2,3 | 280,8 | -0,7 |
| ***Казакстан*** | 14,5 | -3,3 | 7,2 | 0,0 | 5,0 | -28,0 | 287,0 | -2,0 |
| **Жүгөрү** | 959,8 | -0,1 | 932,4 | -0,1 | 151,0 | -0,5 | 212,9 | -20,3 |
| **Күрүч** | 478,7 | -0,1 | 476,1 | -0,1 | 108,0 | -0,6 | 341,8 | -4,4 |
| **Күн карама майы** | 14,9 | -0,6 | 14,0 | -0,1 | 2,7 | 0,2 | 1 255,9 | -1,0 |
| **Кант[2]** | 174,9 | 0,0 | 167,3 | 0,0 | 38,2 | 0,0 | 361,1 | -3,5 |

**2-таблица.** 2012-жылдын июньдун аягындагы абалга карата негизги азык-түлүк товарларына болгон номиналдык орточо баалар
*(килограммы сом менен)*

| | *Уй эти* | *Кой эти* | *Сүт майы* | *Сүт* | *Жумуртканын ону* | *Биринчи сорттогу ун* | *Биринчи сорттогу нан* | *Картошка* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бишкек** | +0,9 | +1,4 | -0,2 | -4,5 | -2,5 | 0,0 | 0,0 | +31,1 |
| **Баткен** | 0,0 | 0,0 | 0,0 | +1,9 | 0,0 | -2,9 | 0,0 | +6,8 |
| **Джалал-Абад** | +0,7 | 0,0 | 0,0 | -1,4 | 0,0 | -5,1 | -2,7 | -2,5 |
| **Каракол** | +0,5 | +1,3 | 0,0 | 0,0 | +2,0 | 0,0 | 0,0 | +68,5 |
| **Нарын** | +0,8 | -1,9 | 0,0 | -14,3 | -2,3 | 0,0 | 0,0 | +11,9 |
| **Ош** | 0,0 | 0,0 | 0,0 | -3,5 | -1,9 | -4,0 | -1,4 | +1,2 |
| **Талас** | -0,3 | -0,9 | +1,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | +51,7 |
| **Токмок** | +2,3 | +1,7 | +1,0 | 0,0 | -1,5 | 0,0 | 0,0 | -11,5 |

[2] АКШнын айыл-чарба министрлигинин май айындагы баа берүүсү

**1-график. Буудайга дүйнөлүк баа динамикасы, 01.05.12-19.07.13**
*(тоннасына млн. АКШ доллары)*




**2-график. Жүгөрүгө дүйнөлүк баа динамикасы 01.05.12-19.07.13**
*(тоннасына млн. АКШ доллары)*




**3-график. Күн карама майына дүйнөлүк баа динамткасы, 01.05.12-19.07.13**
*(тоннасына млн. АКШ доллары)*




**4-график. Кантка жана иштетиле элек кантка дүйнөлүк баа динамикасы, 01.05.12-19.07.13**
*(тоннасына млн. АКШ доллары*

